**«Бекитемин»**
Ж.Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
физика - математика илимдеринин
доктору
А.А. Чекеев
21.12.18

Ж. Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын 2018-жылдын 21- декабрында болгон кеңейтилген жыйынынын № 12 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышкандар:**

1. Камчыбек уулу Мырзабек - СГИФнин деканы, жыйындын төрагасы;
2. Артыкбаев М.Т. - саясат таануу жана философия илимдеринин доктору, профессор, КРнын УИАнын корреспондент-мүчөсү;
3. Жоробеков Ж.Ж. – саясат таануу илимдеринин жана философия илимдеринин доктору, профессор;
4. Асипова Н.А. - жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
5. Нусупов Ч.Т. - философия илимдеринин доктору, философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору;
6. Раимкулова А.С. - жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
7. Абыкеева-Султаналиева Т.Б. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент;
8. Омурова Т.О. - дин таануу жана теология кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, професссор;
9. Сааданбекова Ч.И. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты, доцент;
10. Жунушова С.О. - социология жана социалдык иштер кафедрасынын доценти, социология илимдеринин кандидаты, доцент;
11. Касымова Н.О. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты;

12. Ниязова Ж.К. - психология кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент;
13. И.Урузбакиева З.К. - СГИФтин деканынын орун басары, философия илимдеринин кандидаты, доцент;
14. М.Абетеков А.К. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти;
15. Исмаилов К.А.- философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын улук окутуучусу;
16. Тостокова К. А. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын улук окутуучусу;
17. Иманкожоев Т. А. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын улук окутуучусу;
18. Гапаров С.С. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын улук окутуучусу;
19. Урумкулова Н.Т. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын окутуучусу;
20. Тулеев А.Т. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын окутуучусу;
21. Байбосунова Г.У. - философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын окутуучусу, жыйындын катчысы;

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

Ж. Баласагын атындагы КУУнин илимий кеңешинин 29 июнь 2018 жылы №4 протоколу менен бекитилген Т.Б. Мамытовдун “Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ” (“Политологический анализ механизмов влияния исламского фундаментализма на политические процессы в Центральной Азии”) деп аталган, 23.00.02 - саясий институттар, процесстер, жана технологиялар - адистиги боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациялык ишин талкуулоо.

**Төрага:** Урматтуу кафедра отурумунун катышуучулары, кыскача бүгүнкү кеңейтилген отурумдун тарыхы жөнүндө. Бизде бүгүнкү кундө факультетте беш кафедра бар, беш кафедранын баардыгы тең – социалдык - гуманитардык илимдердин багытында. Учурда философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасында болуп турат, ошондуктан бүгүн бул кафедранын кеңейтилген отурумунда, саясий таануу илимдери боюнча илимий иштерди талкуулоого

болот. Биздин факультеттин атынын өзү социалдык гуманитардык илимдер факультети болуп жаткандыктан, демек, бул жерде социалдык илимдерге социология жана социалдык кызмат, гуманитардык илимдерге философия, политология, культурология, религиоведение жана психология жана башка илимдердин тармактары кирет. Ошондуктан, бүгүнкү биздин философия кафедрасынын базасынын негизинде ушул кеңейтилген (расширенный) жыйында баардык социалдык жана гуманитардык багыттагы окумуштуулардын катышуусу менен өтөт. Баарыбызга белгилүү болгон Токтокучук Болотбекович Мамытов агайыбыз доктордук диссертациясын 3-4 жолу кафедранын жыйындарында кеңири талкууга алганбыз. Акыркы жолу 2018 жылдын 6 июнунда кафедранын кеңейтилген жыйынында талкулап, төмөндөгүдөй токтом кабыл алганбыз:

**Мамытов Токтокучук Болотбековичтин «Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ» деп аталган, 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар** адистиги боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациялык иши коргоого сунуш кылынсын.

**Ж.Баласагын атындагы КУУнин илимий кеңеши 29 июнь 2018 жылы №4 протоколу менен кафедранын көрсөтүлгөн сунушун кабыл алып бекитип берди.**

**Т.Б. Мамытовдун доктордук диссертациясынын аты - «Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ» деп аталат.**

Мына ушул доктордук диссертацияны талкуулоо маселеси турат. Талкуулоо үчүн кворум жетишээрлик, уруксат берсеңиздер, жыйынды ачык деп жарыялайм. Доктордук диссертациянын автору Т.Б. Мамытовго сөз берелик.

**Мамытов Т. Б.:** Азыркы учурга чейин «фундаментализми» түшүнүгү талаш-тартыш жаратып жана азыркы кездеги илимде акырына чейин аныкталбаган бойдон калууда.

Фундаментализм феномени көптөн бери изилдөөчүлөрдүн өзгөчө көңүл бурдурган объектиси болуп саналат.

Фундаментализм жана ага тиешеси бар кыймылдар глобализация дооруна кирип келишти жана мамлекеттин исламдык түзүмүнүн экономикалык, саясий жана идеологиялык кризистерине жооп табууга аракет кылууда.

Ошентип фундаментализм татаал социалдык жана саясий-идологиялык феномен катары илимий изилдөөнүнү объектиси болуп саналат. Аталган феномендин илимий изилденишин тутумдаштыруу, адамзат тарыхынын өзүнчө бир этаптарында, коомдук жашоонун ар кандай чөйрөсүндө жана конкреттүү

өлкөлөрдө анын пайда болушунун жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн издеп табуу орчундуу илимий милдет болуп калууда.

Радикалдуу исламизмдин глобалдуу түрдө пайда болуусу ислам өлкөлөрүндө өнүгүүнү жана демократияны жүзөгө ашыруу максатында авторитардык мамлекеттер тарабынан жүргүзүлгөн модернизациянын ийгиликсиз аракеттеринин натыйжасы болуп саналат. Мына ошентип, өнүгүп жаткан өлкөлөр колониалдык доордон тартып төмөнкүдөй дилеммага туш болушкан:

Бир жагынан алганда алар Батыш өлкөлөрү сыяктуу күчтүү болуш үчүн батыш экономикасын жана саясатын өздөштүрүп, өздөрүнүн маданиятын четке кагуулары керек болчу.

Экинчи жагынан, алар өздөрүнүн маданиятын жана диний салттарын карманып, бирок ошону менен бирге эле экономикасы алсыз бойдон калуулары мүмкүн эле.

Ушуга байланыштуу качан салттуу маданият тышкы кысымга жана ички системдүү авторитардык модернизацияга туш келгенде, ички терең чыр чатактардын себеби болуу менен алар түзүмдүк, социалдык-саясий өзгөрүүлөргө туш болот. Демек, бул бүгүн бүткүл дүйнөлүк феномен болуп саналат. Биринчи кезекте, мындан аркы өнүгүү шартында салттуу маданият сакталып калаарлыгы бүдөмүк бойдон калууда. Салттарга кайтуу жана учур чакка же болбосо курулай элестетилген маданий мурастарга басым жасоо технологиялык процесстердин катышуусунда бирдейликти сактоого болгон аракет катары саналат. Узак мөөнөттүү планда инновация үчүн альтернатива болбойт. Жакынкы Чыгыш, Борбор Азия жана Түндүк Африка өлкөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү «өнүгүүнүн өнөкөт кризисинде» болууда, бул саясий жана маданий башаламандыктын болушуна сөссүз шарт түзөт. Качан элдер жана региондор социалдык, экономикалык маргиналдуулук абалында болуп калганда, аладарда өздөрүнүн мобилдүүлүгүн жакшыртууга эч мүмкүнчүлүк болбойт.

XIX жүз жылдыктын башынан тартып ислам саясий идеология катарында глобалдык, улуттук, социалдык-саясий жана экономикалык мамилелерге болгон реакция катары ар кандай исламдык саясий идеологияларда өзүн көрсөттү.

Саясатташкан исламдык күчтөрдүн жаңы түрлөрү пайда болду:

Бир жагынан, XIX кылымдагы Европанын деңгээлине жетүү үчүн ислам мамлекеттерин модернизациялоо жана реформалоо аракетинин натыйжасында.

Экинчи жагынан, өнүккөн Европа өлкөлөрү менен болгон түздөн-түз тирешүүнүн жана ошол эле учурда өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында.

Жана азыркы ислам башынан кечирип жаткан бул кризистик кырдаалдан чыгуунун жолу катары алар мындай жолду сунушташат: Мухамед пайгамбардын жана анын жолун улантуучулардын учурундагы чыныгы ишенимге, салттарга

кайтуу жолу менен Алтын Доор мезгилин кайра тургузуу керек, бирок кайтууну иш жүзүнө ашырууда айрым көз-караштар менен айрымаланышат.

Мына ошентип, исламизм, фундаментализм, салафизм, ваххабизм, неоваххабизм, неосалафизм катары белгилүү болгон саясий ислам, жана дагы татаал социалдык-саясий феномен катары булардын баары илимий таануу объектиси болуп саналышат жана олуттуу илимий милдеттерди өзүндө көрсөтүшөт.

Азыркы учурда ислам фундаментализминин Борбор Азия өлкөлөрүндөгү өтүп жаткан саясий процесстердеги ролун жана ордун аныкташ керек болууда. Ошол эле учурда ислам фундаментализми саясий-социалдык феномен катары бул республикалардын улуттук коопсуздугуна кандай таасир берерин карашы зарыл.

Диссертациялык изилдөөнүн объектиси катары фундаментализм – азыркы доордун социалдык, идеологиялык жана саясий феномени болуп чыгууда. Анын предмети болуп фундаментализмдин социалдык жаратылышы, булактары, өзгөчөлүгүү жана идеологиялык маңызы каралат.

Диссертациянын теоретикалык жана методологиялык негиздери катары белгилүү чет өлкөлүк жана кыргызстандык окумуштуулар жана изилдөөчүлөрдүн эмгектери колдонулду.

Ислам фундаментализминин Борбор Азия регионунда өтүп жаткан саясий процесстерге көрсөткөн таасирин өзгөчөлүгүн жана маңызын аныктоо. Борбордук Азияда экстремизмдин, терроризмдин жана диний радикализмдин доктриналдык, уюштуруу жана идеологиялык негиздерин аныктоо жана ачыкка чыгаруу диссертациянын негизги максаты болуп саналат. Бул максат төмөнкү комплекстүү милдеттерди шарттаган:

- фундаментализм социалдык-саясий феномен катары анын түшүнүгүн, маңызын жана идеологиялык негиздерин аныктоо;
- радикалдуу диний фундаментализмдин маанилүү мүнөздөмөлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн ачыктоо;
- глобализация процессинде экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализминин өзгөчөлүктөрүн кароо жана аныктоо;
- политологиялык көз караашта экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализдин себептерин, шарттарын жана булактарын аныктоо;
- ислам фундаментализминин Борбор Азия регионунда болуп жаткан саясий процесстерге таасир көрсөткөн социалдык-саясий механизмин ачыктоо;
- ислам фундаменталисттик уюмдардын жана топтордун Борбор Азия өрөөнүндөгү ролун изилдөө;
- экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин идеологиясына жана ишмердүүлүгүнө каршы аракеттенүү боюнча идеялык негиздерди иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын радикалдуу диний фундаментализмге, эктремизмге, терроризмге каршы күрөшүн уюштуруунун улуттук системасын жакшыртуу боюнча сунуштарды жана чараларды иштеп чыгуу.

Эмгектин илимий жаңылыгы глобализация шартында фундаментализмди, ваххабизмди, салафизмди, терроризмди, экстремизмди жана диний радикализмди изилдөөдө азыркы кездин багыттарын жана сунуштарын колдонуу менен, ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө жасалган сунуштар жана тыянактар менен коюлган маселе аркылуу аныкталат. Теманы иштеп чыгуунун жыйынтыгында:

– ислам фундаментализминин түшүнүгүнүн мааниси аныкталды;
– исламизмдин радикалдуу диний-саясий агымдарынын идеологиясындагы жана практикасындагы жалпы жана өзгөчө аныктама аркылуу радикалдуу ислам фундаментализми, салафизм жана ваххабизм аттуу предметтик түшүнүктөр ачыкталды;
– ислам фундаменталзминин саясий идеологиясынын меелүндү жана радикалдуу агымдары аныкталды;
– диний фундаментализминин саясий-социалдык жана идеологиялык өзгөчөлөрү ачыкталды жана алардын этносаясий абалга таасири каралды;
– саясий-социалдык теңсиздиктин глобалдуу ургалдашуусу сыяктуу экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин объективдүү өөрчүү факторлору изилденди;
– саясий-идеологиялык ой-жүгүртүүнүн жана дүйнө таанымдын стили катары – радикалдуу диний фундаментализмдин, саясий иш-аракеттин тиби катары – экстремизмдин, саясий активдүүлүктүн тиби катары – терроризмдин мүмкүн болгон аныктамалары сунушталды;
– радикалдуу диний фундаментализмдин саясий маңызы – фундаменталисттер белгилүү бир принциптерди жактоо менен өздөрүнүн экстремисттик, террористтик актылары менен акцияларын негиздөө жана башкаруу үчүн саясий идеяларынын жана ураандарынын ченемине карата ишке ашыргандыгында экендиги аныкталды;
– азыркы кездеги социалдык жашоо шартында – адамдын (инсандын) коомдук түзүмгө кошулушу, башкача айтканда коомдун толук кандуу мүчөсү болушу эң негизги көйгөй болуп саналарлыгы аныкталды. Бул көйгөйдүн чечилбегендиги, ошондой эле радикалдуу диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин тарапташтарынын жана жактоочуларынын көбөйүшүнүн себеби да болуп саналат
– экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин бузуку дараметинин транформациялык өзгөрүүлөрү изилденди,

мамлекеттердин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтар комплексинде алардын кооптуулугунун күчөшү талданды, аларга каршы күрөш боюнча сунуштар берилди.

Жакталып жаткан диссертациянын негизги жоболору:

– ислам фундаментализми азыркы учурда социалдык жана саясий – идеологиялык өзгөчө феномен катарында анын маңызын жана түшүнүгүн көрсөтүү;
– жаңы дүйнөлүк тартипти орнотууда жана глобалдуу геосаясий максаттарга, кызыкчылыктарга жетүүдө жана ишке ашырууда эл аралык терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм көп пландуу деңгээлде ойрондотуучу социалдык-экономикалык, саясий өзгөрүүлөрдү өзүндө көрсөтөт;
– экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин социалдык-экономикалык, доктриналдык, уюштуруучулук, саясий жана идеологиялык булактары эл аралык мамилелердеги ачык дагы, жашыруун дагы геосаясий максаттарды жана кызыкчылыктарды, ошондой эле алдыңкы мамлекеттердин өкүмдүү саясатын билдирген ар кандай чыр чатактардын системасынын элементтерин өзүндө көрсөтөт;
– глобалдуу интеграция жана дезинтеграция экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин пайда болуусун детерминациялоо менен саясий жана социалдык теңсиздикти күчөтөт;
– ислам фундаментализминин азыркы учурда Борбор Азия өлкөлөрүндөгү болуп жаткан саясий процесстердеги ролун, ордун жана таасиринин өзгөчөлүгүн көрсөтүү;
– ошондой эле саясий процесстерге таасир көрсөтүүсүнүн социалдык – саясий механизмин кароо;
– ислам фундаменталисттик уюмдардын жана топтордун Бобор Азия өрөөнүндөгү ролун көрсөтүү;
– коомдун социалдык жана институционалдык түзүмү менен системасы, аларды ойрондотуу жана өзгөртүү максатындагы анын социо-маданий, психологиялык, идеологиялык жана саясий факторлору экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин жашыруун таасиринин объекттери болуп саналат;
– экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин транформацияланышы аталган коркунучтар жана чакырыктар менен ар кандай деңгээлде күрөш жүргүзүүнү токтоосуз кайра карап чыгууну талап кылат;
– экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук дагы, эл аралык дагы деңгээлде алардын

глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгына чакырат.

Изденүүчүнүн салымы, глобализация процессинде түзүлгөн азыркы коомдун муктаждыгы экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен алардын пайда болушуна таасир бергендиги жана активдештиргендиги жөнүндө бир катар илимий изилдөөлөр жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы менен аныкталат. Глобализациялык процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардан бир дагы мамлекет четте калып калбайт. Ошону менен бирге эле экстремизм жана терроризм радикалдуу ислам фундаментализминин саясий шайманы жана саясий зомбулугу катары чыгышат.

Фундаментализм азыркы кездеги оор жашоо шартында көйгөйлөрдү чечүүнүн жөнөкөй, оңой ишке ашуучу жана альтернативасыз жолдорун адамдарга сунуштап ишендире алган саясий кыймылдардын жөндөмдүүлүгүнө негизденет.

Фундаментализм – бул маңыздуу жаңжал күч аракети камтылган феномен. Саясий активдүүлүктүн өзгөчө маанилүү мүнөзү болуп саналган чечкиндүүлүк, өздөрүнүн каршылаштарына карата кубаттуу кармашка жөндөмдүүлүк жана ал эмес согушчандык жүрүм-туруму фундаменталисттерди айырмалап турат. Көпчүлүк фундаменталисттердин максаты – конституциялык түзүлүшкө каршы саясий акцияларга катышуу, зомбулук каражаттарын колдонуу болуп саналат.

Өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн белгилүү бир саясий топтор колдонгон идеологиялык милдеттерди алып жүргөн спецификалык фундаменталисттик доктриналарга айланган түзүлүштөрдөн, ишенимдерден жана ал эмес өзгөчө көз караштардан фундаментализм өзүнүн көрүнүшүн табат.

Исламдын ашкере кетпеген жана радикалдуу фундаменталистери түзүлгөндүгүн аныктап көрсөтүүдө. Ашкере кетпеген фундаменталисттер легитимдүү каражаттарды колдонуу менен мусулман коомун алгачкы ислам образы боюнча уюштуруу жана исламды тазартуу идеяларын жайылтышат.

Радикалдык фундаменталисттер өздөрүн гана Аллахтын чыныгы эркин аткаргандар деп эсептешет - Жер бетинде ислам мамлекетин (халифатты) куруу, планетардык масштабда шарияттын үстөмдүгүн орнотуу. Алар исламисттердин көз карашына макул болбогон бардык башкаруучуларга, мусулмандарга жана башкаларга саясий зомбулук каражаттарын - экстремизм жана терроризмди колдонууну жарыялашат.

Диний фундаментализмдин саясий мааниси - фундаменталисттер белгилүү бир принциптерди коргоо менен аларды жүрүш-турушту жетектеген саясий түзүлүштөрдү, түшүнүктөрдү жана баалуулуктардын жыйындысын иш-жүзүндө ашырууда турат.

Фундаменталисттер учурдагы саясий - социалдык тартипке болгон өздөрүнүн көз карашын сунуш кылышат; каалаган келечек образын түзүшөт; дүйнөлүк «туура» түзүлүш жана «жакшы» коом жөнүндө сунуш кылышат; модель сунушташат, ага ылайык зарыл болгон саясий өзгөрүүлөр болушу кажет.

Мына ошентип, алардын принциптерине ылайык коомду реформалоо үчүн саясий программалар диний фундаменталисттердин доктринасында ар дайым камтылган, бул фундаментализмди идеология катарында кароого бизге укук берет.

Ошол эле убакта фундаментализм, идеология сыяктуу эле, коомдук жана индивидуалдык аң-сезимдин ар кандай чөйрөсүн кучагына алат – илимий билимден динге чейин жана түшүнүктөрдүн чын же жалганына карабай тиешелүү жүрүш-туруш жөнүндөгү күнүмдүк түшүнүктөрдү жарыялайт.

**Төрага:** Изденүүчүгө суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо кимде кандай пикир бар?

**Артыкбаев М.Т.- саясат таануу жана философия илимдеринин доктору, профессор, КРнын УИАнын корреспондент-мүчөсү:**

Мы трижды обсуждали на расширенных заседаниях кафедры докторскую диссертацию Мамытова Т.Б. Сегодня четвертый раз обсуждаем. Все мы ознакомились с содержанием докторской диссертации Мамытова Т.Б. Все наши рекомендации им выполнены. Тема соответствует шифру диссертации. На все наши вопросы соискатель Мамытов Т.Б. неоднократно дал исчерпывающие и научно грамотные ответы. Предлогаю рекомендовать докторскую диссертацию Мамытова Т.Б. для защиты Диссертационному Совету.

**Жоробеков Ж.Ж. –саясат таануу илимдердин доктору, профессор:**

Сунуштардын баары эске алыныптыр. Диссертациянын темасы өзгөртүлүп шифрге жооп берет, ошондой эле диссертациянын мазмуну дагы темага жооп берет. Профессор М.Т.Артыкбаевдин сунушун колдогонго чакырат элем. Себеби бир дагы илимий диссертация ушундай кеңири 3-4 жолу талкууга алынган эмес.

**Асипова Н.А. – педогогика илимдердин доктору, профессор:**

Иштин структурасын карап чыктым. Менимче, темалардын аталышында техникалык редакция жетишпей жатат. Өзүмдүн сунуштарымды карандаш менен жазып белгилеп койдум. 3-главадан “ашкере кетпеген” деген сөз айкалышын, синонимдерге же башка сөздөргө алмаштырсаныз мааниси дана жана так чыгат деп ойлойм. Эң негизгиси 4-главанын 4.2 параграфынын аталышын кыскартсаныз жакшы болмок. Андан тышкары тезис, жоболор жана

жыйынтыктар абдан көп жазылыптыр. Жыйынтыктардын апробациясын кеңири жазып, 2-3 жыл аралыгында катышкан конференцияларыныздын баарын эле жазып койсонуз. Ошондой эле “изилдөөчүнүн салымы” дегенге “жеке” деген сөздү кошсоңуз. Анткени бул сиздин жеке ишиңиз.

Негизинен мен ишти толук колдоп, коргоого сунуштайм. Иш бышып, жетилген.

**Абетеков А.К. – доцент:**

Сиздин ишинизди көп ирет карап чыктым. Мындай диссертация азыркы, глобализация доорунда сөзсүз керек. Ишинизге ийгилик. Коргоого сунуштайм. Себеби, бул тема биринчи орунда каралышы керек.

**Урузбакиева З.К. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:**

В течении нескольких встреч с каждым разом видим очень деликатное отношение с вашей стороны к тому, что говорят доктора наук и то что вы очень тщательно прослушивались и пытались довести до какого-то логического конца рекомендации. 13 ноября, когда выступили перед студентами, я увидела блеск в глазах студентов. Вы четко объяснили, наглядно превели примеры. Хотелось бы иметь пособие в нашей библиотеке, где написано примеры и практическая часть вашей работы. Потому что Ваша тема на сегодняшний день очень актуальная и важная.

Рекомендую Вашу работу для защиты Диссертационному Совету.

**Жунушова С.О. – социология илимдердин доктору, доцент:**

Негизинен иш абдан жакшы жазылган. Ишти колдойм жана коргоого сунуштайм. Мындай иштер саясат таануу илиминде көп болсо жакшы болот эле. Себеби, тажрыйбалуу практик адам саясат таануу илимдерине баа жеткис сунуштарды тартуулады.

**Гапаров С.С. – ага окутуучу**

Мен докторлукту биринчилерден болуп кыргыз тилинде жактап жатканыңызга сүйүнүп жатам. 1991-жылдан берки Орто –Азияда болгон терроризимге байланыштуу окуяларды абдан сонун бериптирсиз. Ишти колдойм жана коргоого сунуштайм.

**Ниязова Ж.К. – заф. кафедры психологии**

Работа мне понравилась, очень актуальная тема. Рекомендую к защите. Раскрыты важные теоретические основы проблем политической науки. Предложены возможные определения радикального религиозного фундаментализма - как стиль политического мышления и мировоззрения, экстремизма - как тип политического действия, терроризма - как тип политической активности. Рекомендую к защите.

**Төрага:** Башка сунуштар барбы? Башка сунуштар тушкен жок. Анда Мамытов Токтокучук Болотбековичтин « Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясый процесстерге таасир беруудегу механизимдерине политологиялык анализ » деп аталган, 23.00.02 - Саясий институттар, процесстер жана технологиялар - адистиги боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазган доктордук диссертациялык ишин Д.23.17.559 диссертациялык кенеште коргоого сунуш кылынсын. Добуш берип коюнуздарды суранам!

**Макул - 21, каршы - жок, калыс - жок.**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын 2018-жылдын 21-декабрында болгон кеңейтилген жыйынынын Мамытов Токтокучук Болотбековичтин «Ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизмдерине политологиялык анализ » деп аталган, 23.00.02 - саясий институттар, процесстер, жана технологиялар адистиги - боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациялык иши боюнча **бүтүмү:**

1. Изилдөөнүн темасы актуалдуу жана шифрге дал келет.
2. Илимий жоболордун, жыйынтык, корутундулардын негизделиш даражасы жогору. Ал стандарттарга, концепцияларга, ошондой эле илимий-методикалык эмгектерге негизделип, коптогон илимий натыйжалары менен тастыкталган.
3. Иштин илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси зор. Иштин жыйынтыктары, сунуш кылынган сунуштар социалдык- гуманитардык илимдерди өркүндөтүүгө кызмат кылат.

**Кафедранын кеңейтилген жыйыны токтом кабыл алды:**

1. Жыйындын кабыл алган бүтүмү бекитилсин.
2. Мамытов Токтокучук Болотбековичтин «Ислам фундаментализиминин Борбордук Азиядагы процесстерге таасир берүүдөгү механизимдерине политологиялык анализ» деп аталган, Д.23.17.559 (23.00.02) - Саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациялык иши коргоого сунуш кылынсын.

**Макул – 21, каршы - жок, калыс - жок.**

1. Жыйындын кабыл алган бүтүмү бекитилсин.
2. Мамытов Токтокучук Болотбековичтин «Ислам фундаментализиминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү механизимдерине политологиялык анализ» деп аталган, Д.23.17.559 (23.00.02) - Саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясат таануу илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган доктордук диссертациялык иши коргоого сунуш кылынсын.

**Макул - 21, каршы - жок, калыс - жок.**

**Жыйындын төрагасы**
**СГИФнин деканы** **Камчыбек уулу М.**

**Жыйындын катчысы** **Байбосунова Г. У.**